Бекитемин:
Мектеп директору
Өмүркулова А.С.

К.Дербишев атындагы Талды-Булак жалпы билим берүүчү орто мектебинин №2 педагогикалык кеңешменин
иш жазуусу

05.10.2021-ж

Бардыгы-18
Катышкандары-17
Себептүү-1

Каралуучу маселе:

1. Мектепти аккредитациядан өткөрүү
2. Кезектеги иштер:

Угулду

Өмүркулова А.С-мектептин директору:

Аккредитациялоо боюнча төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча даярдыктарды көрүшүбүз керек.

1. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо.
2. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу байкоо жүргүзүү жана мезгили менен баалоо. ЖРТнын көрсөткүчүн киргизүү
3. Компетенттүү окутууга жана окуучулардын жетишүүсүн баалоо
4. Окуучуларды кабыл алуу,билим берүү натыйжаларын таануу жана окуучуларды бүтүрүү.
5. Педагогикалык жана окутуунун көмөкчү курамы
6. Материалдык техникалык база жана маалымат ресурстары
7. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү
8. Эксперттик комиссия мектептин ишмердүүлүгүнө экспертиза жүргүзүүнүн мезгилинде сунушталган документтерге жана өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарына анализ жүргүзүү.

Текшерүүнүн жүрүмүндө төмөнкү аспектилер иликтөөгө алыныш керек.

- мамлекеттин билим берүү стандартынын талаптарынын аткарылышы
- ички мектептин документтер: базистик окуу планы, билим берүү программасы,
  классттык журналдар:

катышуунун жүрүшүндө, усулдук инновациялык жана экспериментaлдык ишмердүүлүк менен таанышууда):

- билим берүү процессинин маалыматтын технологиялык камсыздалынышы
- тарбиялык иштердин системасы
- материалдык-техникалык базанын абалы

Экспертизанын жүргүзүү мезгилинде, эксперттин комиссиянын мүчөлөрү тарабынан өзүн-өзү баалоонун материалдарын, окуу пландоо документациаларын иликтеп чыгуу керек.

Жарыш сөзгө:

Смаилова Ш.А-окуу бөлүмүнүн башчысы

Мектепти аккредитациянын өткөрүдөө атайын жумушчу комессия түзүп алуубуз керек. Менин сунушум :

1. Өмүркулова А.С-мектеп дир.
2. Смаилова Ш.А-окуу б.баш.
3. Бектурсунова Ч.Ж-тарбия иштери боюнча дир.орун басары
4. Айдыралиева Г.К-проф-уюм.
5. Кутманалиева С.О-башталгыч класст.усулдук бирикменин жетекчиси
6. Кокумова Ж.-гуманитардык усулдук бирикменин жетекчиси
7. Кулназарова Ж.Ж- табигий так илимдер усулдук бирикменин жетекчиси.

Кокумова Ж.А-гуманитардык усулдук бирикменин жетекчиси:

Мен дагы бардык мугалимдерди аккредитациядан өтүүгө даярдык көрүүдө жоопкерчиликтүү мамиле кылууга чакырам. Комиссия мүчөлөрүнө каршы эмесмин.

Чечим:

1.Мектептин администрациясы жана мугалимдерге аккредитация жөнүндө кенири маалымат беришсин.

2.Ар бир мугалим аккредитациялогоо жоопкерчиликтүү мамиле кылышсын.

3. Аккредитация боюнча жогоруда көрсөтүлгөндөр комиссия мүчөлөрү болуп дайындалсын.